**КЫРГЫЗ ТИЛИ** **6-Класс** **Вариант Е**

Окуучунун аты -жөнү ______________________________классы_______

---

**1- Бөлүм. Тест тапшырмаларынын саны – 22**
**2-**

Бул бөлүм **жооптордунун ичинен 1 гана туура жоопту** белгилей турган тест тапшырмалардан турат. Ар бир тапшырмага жооптун 4 варианты берилген. Алардын ичинен бир гана жооп туура. Тандаган жоопту тегеректегиле.

**№1.** Көп маанилүү сөздөрдү белгилегиле.
а) сыр, түш б) нан, чай в) саз, сап г) тал, төр

**№2.** Сүйлөмдө асты сызылган сөздүн өтмө маанисин белгилегиле.
Менин агам <u>колу</u> <u>ачык</u> адам.
а) шайыр б) берешен в) бай г) сараң

**№3.** Сөз жасоочу мүчө уланган сөздү белгиле:
а) китепти б) китептер в) китепкөй г) китептин

**№4.** Тексттеги ойдун башталышына мисалды белгилегиле.
а) Эртеңден баштап иштей бергиле, кыскасы.
б) Ал муну түшүндүрө алат бекен, билсеңер?
в) Ошол кезден баштап эле анын ою бузулду.
г) Байыркы заманда бул жерде көл болгон экен.

**№5.** Ошентип**,** кыштак толугу менен бир нече саатка ТВ, телефондон баш тартканга көнүшкөн.
Тексттин бөлүгүн белгиле.
а) ойдун өнүгүшү
б) ойдун башталышы
в) ойдун жыйынтыкталышы
г) тексттин планы

**№6.** Кыргызстанда "Кайыңды" кант кызылчасын иштетүүчү заводу бар. Алар дыйкандар менен келишимдин негизинде иштейт. Аба ырайы бузулуп, оруп-жыюга тоскоолдук жаратпаса көйгөй жок. Анткени бул жайда кумшекерге суроо-талап күч болууда.
Тексттин далилдөөчү, корутунду бөлүгүн белгилегиле.
а) Кыргызстанда "Кайыңды" кант кызылча кайра иштетүүчү заводу бар.
б) Алар дыйкандар менен келишимдин негизинде иштейт.
в) Аба ырайы оруп-жыюу иштерине тоскоолдук жаратпаса бул боюнча көйгөй болбойт.
г) Анткени бул жайда кумшекерге суроо-талап күч болууда.

**№7.** Кептин түрүн белгилегиле.
Жырткычтар жана алардын жеми өзү менен бирге көп миңдеген жылдан бери жашап келе жатат, бул мезгилдин ичинде ага да, буга да жашоо үчүн зарыл болгон табигый тең салмактуулук калыптанган.
а) баяндоо б) сүрөттөө
в) ой жүгүртүү г) сүйлөшүү

**№8.** Кептин түрүн белгилегиле.
Жердин үстү кара кочкул түскө кирип, калың, кара көлөкө менен оролуп, кабагын карыш салып, капа болгон өңдөнүп, акырындап караңгылыктын кучагына кире баштады.
а) баяндоо б) сүрөттөө
в) ой жүгүртүү г) сүйлөшүү

**№9.** Кептин түрүн белгилегиле.
Органикалык химия – көмүртек бирикмелерин изилдөөчү илим. Көмүртек башка бардык элементтерден айырмаланып, бири-бири менен байланышып, түз, тармактуу жана циклдүү чынжырчаларды пайда кылат. Демек, жалгыз гана көмүртек бирикмелери башка бардык элементтердин бирикмелеринин суммасынан алда канча көп.
а) баяндоо б) сүрөттөө
в) ой жүгүртүү г) сүйлөшүү

**№10**. Расмий иш кагаздарын белгилегиле.
а) келишим б) программа
в) ишеним кат г) кулактандыруу

**№11.** Төмөндө берилген иш кагаздарынын стилин белгилегиле: мүнөздөмө, ишеним кат.

а) расмий б) расмий эмес
в) публицистикалык г) илимий эмгектер

**№12.** Көркөм стилге мүнөздүү сүйлөмдү белгилегиле.
а) Силер мага канчада келериңерди СМС менен кабарлап койгула.
б) Урматтуу кардар, 25-майда “Аян” тейлөө офиси иштебейт.
в) Бул маалымдама тиешелүү жерге көрсөтүү үчүн берилди.
г) Беттин көркү нур менен, белдин көркү кур менен.

**№13.** Капаров Ашырдын азыркы мезгилде №100 мектептин 5-классында окуп жаткандыгы чындык.
Берилген сүйлөм мүнөздүү болгон иш кагазынын түрүн белгилегиле.
а) мүнөздөмө б) буйрук в) маалымдама г) арыз

**№14**. Диалектилик сөздөрдү белгилегиле.
а) ташта б) тукум в) тарак г) тентек

**№15.** Пунктуация, тело, вулканизация, полимер.
Сөздөрдүн мүнөздөмөсүн белгилегиле.
а) неологизмдер б) кесиптик лексика в) говорлор г) калькалар

**№16.** Өнөр жайга байланыштуу терминди белгилегиле.
а) демократ б) гипсокартон в) текстиль г) аныктооч

## ОКУУ ЖАНА ТҮШҮНҮҮ

**2-бөлүм. Тест тапшырмаларынын саны – 8**
**Тексттерди окуп чыгып, төмөндөгү суроолорго жооп бергиле.**

### Сен мейманда болсоң ...

Адам мейманда өзүн маданияттуу алып жүрүш керек экенин баары билет. Ал үчүн ар кандай эрежелер бар. Мисалы, бутуңду сүртүшүңүз керек, салам айтыш керек, катуу кыйкырбаш керек. Бул үй ээлерин алардыкына келгениң жагымдуу болуш үчүн зарыл нерселер.

Мисалы, сен экскурсияга чыктың дейли. Токойдобу, талаадабы, баары бир, сен меймансың. Сен куштардын, жаныбарлардын, коңуздардын жана көпөлөктөрдүн, кирпилердин коногусуң. Жаратылышта болгондо сакталышы керек болгон эрежелер булар:

**1.** Айбанаттардын бардык түрү маанилүү, бардык жандыктар керек. Айбанатка кезигип калсаң тийишпе, өлтүрбө, кордобо. Эсиңде болсун: бул жердин кожоюну алар, а сен болсо коноксуң. Алар ошол жаратылышта жашап, пайдалуу ишти аткарышат.

**2.** Балапандарга тийбе. Алар сенин жардамыңсыз жок болуп кетпейт. Алар азырынча уча алышпайт, бирок жашына алышат. Аларды эч бир жырткыч таба албайт. Ал эми ата-энелери аларды таап, багат. Ал эмес, алар өздөрүнчө сүйлөшүшөт. Балапандарын чакырат, балапандары болсо аларга жооп беришет.

**3.** Сураныч, кирпилерди токойдун сыртына алып чыкпагыла! Кичинесин да, чоңун да. Кирпи токойдун жошоочусу. Кирпилер жер бетинде абдан көп убакыт мурун пайда болгон. Алар корголушу керек, алардын да пайдасы бар, ошондуктан - тийбегиле.

**4.** Кээде токойго коноктор келет - алар кыйкырышат, ырдашат. Бул ызы-чуудан токой чочуп кетет. Токойдун өзүнүн жашоосу бар. Бирок кыйкырган адам муну билбейт. Куштар кантип сайраарын, жамгыр жаай турганынды кантип эскертерин билбейт. Тыйын чычкандар кантип сүйлөшкөнүн уга албайт. Ызы-чуулуу коноктор эмне менен келишсе ошо менен кетишет. Ошентип, алар кожоюндарды көрбөй да калышат.

**№17. Токойдо жүргөндө кайсы эреже сакталышы керек?**
А) ызы-чуу болгон токойду мүмкүн болсо тынчытуу керек
Б) көпөлөктөр, коңуз жана башкаларды кармаш керек
В) канаттуулардын балапандарына жардам бериш керек
Г) кирпини токойдон башка жакка алып кетпеш керек

**№18. Адамдар конокто өзүн кандай алып жүрүшү керек?**
А) пайдалуу иштерди аткаруу, жардам берүү
Б) ырда дегенде ырдоо, суйлөшкөндөрдү угуу
В) салам айтуу, маданияттуу алып жүрүү
Г) токойго суранбоо, айбандарга тийишпөө

**№19. Жаратылышта мейманда болгондо кандай эрежелерди сактоо керек? Жообуңарды жазгыла.**

________________________________________________________________

________________________________________________________________

**№20. Мейманга барганда кандай эрежелерди сактоо керек? Жообуңарды жазгыла.**

________________________________________________________________

________________________________________________________________

**Текстти окуп чыккыла.**
**Жаңы жылдык жарнама менен таанышып чыккыла.**




**Тапшырмаларды аткаргыла.**

**№21. Жаңы жылдык жомоктун каармандары кимдер?**
А) Аяз кыз, чымчыктар
Б) Аяз ата, Такай
В) Актан менен Акылай
Г) жолборс, кирпи

**№22. Жомоктун аталышы кандай?**
А) Аяз ата менен Аяз кыздын кечигип келиши
Б) "Актан менен Акылайдын Жаңы Жыл астындагы жоруктары"
В) Жаңы Жыл астындагы Шайтандын жоруктары
Г) Кичинекей Шайтандын досторго кылган жоруктары

**№23. Кече кайда, качан болот? Жообуңарды жазгыла.**

________________________________________________________________

________________________________________________________________

**№24. Кече кимдерге арналган? Кечеге катышуунун баасы канча? Жообуңарды жазгыла.**

________________________________________________________________

________________________________________________________________